*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2019-жылдын 14-майы

**2019-жылдын январь-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2019-ж. январь-апрели 2018-ж.[1] январь-апрелине карата пайыз менен | Маалымдама: 2018-ж.[1] январь-апрели 2017-ж. январь-апрелине карата пайыз менен | Айырма-чылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүӊ продукт (алдын ала баалоо) | 149622,6 | 105,7 | 101,1 | +4,6 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 131336,1 | 101,6 | 102,5 | -0,9 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 84106,8 | 116,0[2] | 100,6[2] | +15,4 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 44200,4 | 94,1[2] | 110,8[2] | -16,7 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 4396,5 | 126,9[2] | 112,2[2] | +14,7 |
| Иштетүү өндүрүшү | 63836,9 | 120,6[2] | 99,2[2] | +21,4 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 14964,3 | 95,8[2] | 102,4[2] | -6,6 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 909,1 | 115,6[2] | 125,1[2] | -9,5 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүӊ продукциясы | 32362,7 | 101,8 | 100,6 | +1,2 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 27919,3 | 103,7 | 102,5 | +1,2 |
| Курулуштун дүӊ продукциясы | 25499,9 | 104,3 | 99,1 | +5,2 |

| | Иш жүзүндө | 2019-ж. январь-апрели 2018-ж.[1] январь-апрелине карата пайыз менен | Маалымдама: 2018-ж.[1] январь-апрели 2017-ж. январь-апрелине карата пайыз менен | Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо | 117361,3 | 104,3 | 105,1 | -0,8 |
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 64400,0 | 103,6 | 103,1 | +0,5 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 5128,3 | 106,3 | 106,4 | -0,1 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 9462,8 | 102,0 | 102,3 | -0,3 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 221,6 | 102,3 | 102,9 | -0,6 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 221,2 | 99,2 | 101,0 | -1,8 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 7170,6 | 95,5 | 92,5 | +3,0 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 99,6 | 102,9 | -3,3 |
| - 2018-ж. декабрына карата | 99,6 | | | |
| - 2018-ж. апрелине карата | 99,5 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 81,2 | 129,0 | 104,4 | +24,6 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 15716 | 104,1 | 106,3 | -2,2 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 1533,3 | 96,7 | 125,5 | -28,8 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 509,5 | 96,5 | 110,4 | -13,9 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 434,4 | 113,7 | 95,7 | +18,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 114,2 | 81,3 | 107,9 | -26,6 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 1098,9 | 91,3 | 139,3 | -48,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 395,3 | 101,9 | 111,3 | -9,4 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2019-ж. январь-марты (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2019-ж. январь-марты (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**2019-жылдын январь-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн 2018-ж. январь-апрелине салыштырмалуу өсүшү негизги металлдарды өндүрүүнүн (44,1 пайызга), металл рудаларын (34,3 пайызга), көмүр (26,4 пайызга), чийки мунайзат жана жаратылыш газын (16,5 пайызга) казуунун өсүшү, текстил өндүрүшүнүн жана кийим (21,2 пайызга), ошондой эле резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүүнүн (7,0 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

Ошону менен катар, мунайзат продуктуларын (36,7 пайызга), химиялык продукцияларды (37,7 пайызга), фармацевтика продукцияларын (18,2 пайызга), тамак-аш азыктарын өндүрүүдө (4,8 пайызга) төмөндөө белгиленди.

Электр энергия, газ жана буу менен камсыздоонун көлөмү электр энергия өндүрүүнүн (4,1 пайызга) жана бөлүштүрүүнүн (5,7 пайызга) азайышынан улам 4,2 пайызга төмөндөдү.

“Кумтөр” кен казуу ишканаларын кошпогондо өндүрүштүн көлөмү 5,9 пайызга азайды.

**Айыл чарба.** Айыл чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмүнүн 2018-ж. январ-апрелине салыштырмалуу өсүшү мал өстүрүүчүлүк продукцияларын өндүрүүнүн (1,9 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

**Курулуш.** 2018-жылдын январ-апрелине салыштырмалуу негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүүсү пайдалуу кендерди казуу, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, дүң жана чекене соода, кыймылсыз мүлк операциялары, саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө, ошондой эле турак жай курулушу объекттеринин курулуштарында белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 5,9 пайызга төмөндөдү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче 46,2 пайызга өстү.

2019-жылдын январ-апрелиндеги инвестициялардын негизги көлөмү (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 79 пайыздан ашыгы) пайдалуу кендерди казуу, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, транспорт ишмердиги, дүң жана чекене соода жана турак жай курулушу объекттеринин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун 2018-ж. январ-апрелине салыштырмалуу көбөйүшү негизинен чекене (3,6 пайызга) жана дүң сооданын (5,0 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалды.

**Баалар.** Үстүбүздөгү жылдын апрелинде мурунку айга салыштырмалуу керектөө баалары жана тарифтери жалпы республика боюнча 0,4 пайызга төмөндөдү. Ошону менен бирге төмөндөө азык-түлүк эмес товарларга бир пайызга, тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга 0,3 пайызга белгиленди. Муну менен катар, калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын тарифтери үстүбүздөгү жылдын апрелинде мурунку айга салыштырмалуу 0,1 пайызга, алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки азыктарынын баалары 0,2 пайызга жогорулады.

Үстүбүздөгү жылдын апрелинде керектөө бааларынын жана тарифтеринин мурунку айга салыштырмалуу төмөндөшү Ысык-Көл облусун кошпогондо, республиканын бардык аймагында белгиленди, Ысык-Көл облусунда алардын 0,4 пайызга жогорулашы катталды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) керектөө бааларынын жана тарифтеринин жалпы республика боюнча төмөндөшү 0,4 пайызды түздү. Ошону менен бирге бул мезгил ичинде баалардын жана тарифтердин азык-түлүк эмес товарларга 2,2 пайызга жана кызмат көрсөтүүлөргө 0,7 пайызга төмөндөшү белгиленди, ошол эле убакта алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки азыктарынын (3,4 пайызга), ошондой эле тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын (0,1 пайызга) жогорулашы катталды.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрелинде Нарын облусунда керектөө бааларынын жана тарифтеринин (0,6 пайызга) өсүшү катталды, бул негизинен тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын башка региондорго салыштырмалуу олуттуу (1,8 пайызга) өсүшү менен шартталды. Керектөө бааларынын жана тарифтеринин максималдуу төмөндөшү Ош ш. (0,8 пайызга) катталды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери алкоголдук ичимдиктер жана тамеки азыктары Ысык-Көл облусунда (4,4 пайызга), азык-түлүк эмес товарлар - Ош ш. (0,3 пайызга), кызмат көрсөтүүлөр - Талас облусунда (1,4 пайызга) эң көп жогорулады.

**Эмгек акы.** Эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы экономикалык ишмердиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды буларга транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги чөйрөсүндөгү ишканалар менен уюмдар кирбейт.

Орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин эң олуттуу жогорулашы курулушта (11,3 пайыз), маалымат жана байланыш чөйрөсүндө (9,9 пайыз), иштетүү өнөр жайында (7,8 пайыз), мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздоо (7,6 пайыз) жана пайдалуу кендерди казуу чөйрөлөрүндө (6,9 пайыз) байкалды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** *Экспорттук жөнөтүүлөрдүн* 2018-ж. январь-мартына салыштырмалуу 13,7 пайызга көбөйүшү алтындын экспортунун 1,6 эсеге өсүшү менен шартталды, республиканын экспорттук жөнөтүүлөрүнүн жалпы көлөмүндөгү анын үлүшү 2018-ж. тийиштүү

мезгилине салыштырмалуу 31,9 пайыздан 46,0 пайызга чейин өстү. Ошондой эле тамеки жана тамеки азыктарын жөнөтүү - 12,5 эсеге, керамика буюмдары - 7,7 эсеге, эт - 3,2 эсеге, кургатылган буурчак жашылчалары - 2,2 эсеге, цемент - 1,6 эсеге, жемиштер жана жаңгактар - 16,1 пайызга, жездин калдыктары жана сыныктары - 14,0 пайызга, пластмасса жана андан жасалган буюмдар 11,5 пайызга көбөйдү.

Ошону менен катар бут кийимдин экспортунун 3,6 эсеге, кийим жана кийимге тиешелүү буюмдардын - 2,0 эсеге, пахта буласынын - 26,5 пайызга, сүт жана сүт азыктарынын - 27,3 пайызга, жылмаланган айнектин - 15,9 пайызга, баалуу металлдардын рудаларын жана концентраттарын жөнөтүүнүн 4,2 пайызга төмөндөшү байкалды.

*Импорттук түшүүлөрдүн* көлөмүнүн 2018-жылдын январ-мартына салыштырмалуу 8,7 пайызга төмөндөшү кийим жана кийимге тиешелүү буюмдарды ташып келүүнүн - 1,8 эсеге, булгаарыдан жасалган буюмдарды - 1,7 эсеге, химиялык жиптерди жана булаларды - 1,7 эсеге, тамеки жана тамеки азыктарын - 1,5 эсеге, жабдууларды жана механикалык түзүлүштөрдү - 1,5 эсеге, резина жана андан жасалган буюмдарды - 42,3 пайызга, автоунааларды, тракторлорду жана алардын бөлүктөрүн - 31,4 пайызга, бут кийимди - 29,1 пайызга, кара металлдарды жана андан жасалган буюмдарды ташып кирүүнүн 11,4 пайызга азайышы менен шартталды.

Ошол эле убакта ташылып келинген баалуу эмес металлдардан жасалган буюмдардын көлөмүнүн - 5,4 эсеге, трикотаж болотнайынын - 3,9 эсеге, жер семирткичтердин - 3,6 эсеге, сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын - 2,4 эсеге, дан өсүмдүктөрүнүн - 1,8 эсеге, керамика буюмдарынын - 1,6 эсеге, жемиштердин жана жаңгактардын - 1,5 эсеге, электр машиналарынын жана жабдууларынын - 24,1 пайызга, мунайзат продуктуларынын - 28,2 пайызга өсүшү белгиленди.

*Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын* көлөмү 2019-ж. январ-мартында 509,5 млн. АКШ долларын түздү жана 2018-ж. январ-мартына салыштырмалуу 3,5 пайызга төмөндөдү.

Ошону менен бирге экспорттук жөнөтүүлөрдүн 18,7 пайызга төмөндөшү белгиленди, ошол эле убакта импорттук түшүүлөр тескерисинче 1,9 пайызга көбөйдү. Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын эң жогорку үлүшү Россияга (61,0 пайызга) жана Казакстанга (37,8 пайызга) туура келди.

Россияга болгон товарлардын экспортунда кийим жана кийимге тиешелүү нерселердин (Россияга болгон товарлардын экспортунун жалпы көлөмүнүн 35,2 пайызы), жездин калдыктары жана сыныктарынын (11,4 пайыз), баалуу металлдардын калдыктары жана сыныктарынын (9,4 пайыз), жашылчалардын жана жемиштердин (17,0 пайыз), пахта буласынын (5,6 пайыз), алюминийдин калдыктарынын жана сыныктарынын (3,5 пайыз), сүт жана сүт азыктарынын (3,6 пайыз) жөнөтүүлөрү басымдуулук кылды. 2019-жылдын январ-мартында Россиядан импорттолгон товарлардын негизги үлүшүн мунайзат продуктуларынын (Россиядан импорттолгон товарлардын

жалпы көлөмүнүн 29,9 пайызы), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (15,5 пайыз), сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын (9,0 пайыз), жаратылыш газынын (4,9 пайыз), шоколад жана курамында какао бар азыктардын (2,1 пайыз), күнкарама майынын (2,0 пайыз), нан жана нан азыктарынын (1,9 пайыз), күрүчтүн (1,1 пайыз) түшүүлөрү ээледи.

Казакстанга болгон экспорттук жөнөтүүлөрдө баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары (Казакстанга болгон товарлардын экспортунун жалпы көлөмүнүн 39,1 пайызы), бут кийим (6,5 пайыз), косметикалык каражаттар (6,0 пайыз), кийим (6,4 пайыз), жемиштер жана жаңгактар (6,2 пайыз), синтетикалык кездемелер (4,1 пайыз), сүт жана сүт азыктары (5,1 пайыз), нан жана кондитердик ун азыктары (3,8 пайыз), жылмаланган айнек (4,1 пайыз) негизги товарлар болуп саналды. Казакстандан келген товарлардын импортунда мунайзат продуктуларынын (Казакстандын товарларынын импортунун жалпы көлөмүнүн 30,3 пайызы), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (6,9 пайыз), буудайдын (5,9 пайыз), тамеки азыктарынын (5,0 пайыз), сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын (4,5 пайыз), буудай унунун (3,5 пайыз), таш көмүрдүн (3,4 пайыз), минералдык жана кант кошулган газдалган суулардын (3,3 пайыз), күнкарама майынын (1,8 пайыз) түшүүлөрү басымдуулук кылды.

## Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

### Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерге болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**